# ФИЛОЛОГИЯ

**УДК: 371.3.**

**Абдымомунова Г. А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ

**Абдымомунова Г. А.**
КНУ им.Ж.Баласагына

**Abdymomunova G.A.**
Kyrgyz National University named after J.Balasagyn.
abdimomunova_guljamish@mail.ru

## “МАНАС” ЭПОСУ - ТАРБИЯ, ТАРЫХ, АНЫН КЫЛЫМДАРДЫ КАРЫТААР КАДАМДАРЫ

## ЭПОС «МАНАС» - ВОСПИТАНИЕ, ИСТОРИЯ, ЕГО ВЕКАМИ НЕСТАРЕЮЩИЕ ШАГИ

## “MANAS” EPIC CULTURE, HISTORY - HIS ODDS STEPS

***Аннотациясы:*** *“Манас” эпосу дүйнөнүн жашоо тиричилик, маданий мурастарын толуктап, Кыргыздар Кыргыз урпактары бар экендигин даңазалап дүйнө жүзүндөгү элди достук биримдикке чакырат.*

***Негизги сөздөр:*** *элдик педагог; мурас; “Манас” айтуучу; достук; биримдик; даңазалоо; үрп адат; эл алдындагы милдет, патриоттуулук,*

***Аннотация:*** *через Эпос “Манас” восполнить мировое историческо-культурное наследие, Кыргызы призывают к братству народов мира.*

***Ключевые слова:*** *народный педагог, наследие, сказитель “Манаса”, братство, единство, обычаи, долг перед народом, потриотизм.*

***Abstract:*** *through the Epos “Manas” having filled the world’s cultural heritage, the Kyrgyz call for the brotherhood of the peoples of the world.*

***Keywords:*** *unique, educator, and heritage, “Manas” negate, friendship, unity, and to long habit, duty, patriotic,*

«Манас» - бул Байыркыны, Кечээки, Эртеңкини бириктире кармаган аягы үзүлбөс, кайталангыс жана бирден бир сейрек кездешкен бүтүндүк. Элдин турмушундагы эпостун социалдык-педагогикалык функциясын Кыргыз Эл мугалими Бектур Исаков төмөнкүчө образдуу мүнөздөгөн: “Манаста”, баарынан мурда, элдик педагогиканын кору, уюткусу топтолгон. Эпос 1917 жылкы революцияга чейин кадыресе элдик мектептин милдетин өтөгөн. Албетте, мектеп дегенде классы, партасы, доскасы бар, телегейи тегиз имаратжайды түшүнүүгө болбойт. Бирок мектеп боло аларлык эки чоң өбөлгө тең анда бар эле: бири - кеңири маалымат берүүчү булак (манасчы), экинчиси - кабыл алуучу тарап (угарман). Ал эми өткөрүлүүчү орун боз үйдүн ичиндеги очок боюнан тартып, кыргыз шартындагы той-томолокко байланыштуу көп эл чогулган жыйынга чейин камтыган. Ал мектептин окуучулары катары кирпик ирмебей тыңшашкан бөбөктөрдөн өбөктөгөн карыларга чейин эсептөөгө болот. Алар манасчынын талант-дараметине арбалып, таасирленген, эпостогу бүткүл окуяны же

анын бөлүкчөсүн бардык маани-жайы менен кабылдап, акыл-эсине токуган, таалим-тарбия алган. Манасчылар жарым миллион саптан турган ыр океанын элдин калың катмарына жеткирүү менен бирге, дасыккан элдик тарбиячылардын ордун да аткарып келишкен. Манасчылар өздөрүнүн сыйкырдуу аткаруучулук чеберчилиги менен элди өзүнө тартып, элдик учкул сөздөрдү, макал ылакаптарды кеңири пайдаланышып ритмикалык так уйкаштыкта, окуянын маанисине жараша үндү өзгөртүп, колу денесин кыймылдатып, мимика сыяктуу каражаттарды кеңири колдонушуп, угуучулардын психологиясына өтө катуу таасир этишкен. Манасчылардын мындай сейрек кездешүүчү касиеттерин алардын таланты менен жакындан таанышкан адамдардын баары ачык баамдашып, суктанышып жогорку бааларын берип келишкен. Манасчы токтолгондо шаттыкка баткан элдин кыйкырык сүрөөнүнөн залдын ичи жаңырып чыкчу. Карт досунун ийгилигине Мухтар Омарханович маңдайы жарыла кубанып, өзү да жоо жарагын шайланган байыркы баатырларга окшош С.Каралаевди - япондор, арабдар, шведдер, түрктөр, америкалыктар, индиялыктар кубанычтуу куттуктап жатышты” деп жазган.

С.Каралаевдин ушундай өнөрүнүн өзгөчөлүгү тууралуу Ч. Айтматов да мындай деген: «Каралаев Манас айтып жатканда андан көзүңдү тартып ала албай, кирпигинин иргелишинен колунун жаңсалышына чейинки ар бир кыймылына арбалып, көрөңгөнүн көөр таштай чанда бир кезиге турган шыбагасы даарыган бул адамдын авазына кулак төшөп, муюп отуруп, анын жасаты эпиканын өзүнөн бүткөнбү деп ойлоп кетесиз. Бул манасчынын тулку боюнан, бешене бейнесинен сезилип, эбакккы өткөн доорлордун караны жылып келип, алдыңа тура калгансып кетет.

Каралаевдин аткаруучулук усулу уккан адамдын жан-дүйнөсүнө алай-дүлөй түшүргөн ушундай керемет күчкө ээ». Алсак белгилүү Казак окумуштуусу К.Жумалиев Саякбай Каралаев жөнүндө төмөнкүчө баа берген: “Бир калктын нечен кылымдар бою башынан кетирген турмушун, эрдик салтын, арманы менен муңун, патриоттук улуу идеясын, ынаным - ишенимин, этикалык түшүнүгүн толук камтыган жарым миллион сап элдик ырдын чыныгы мурасчысы болгон, совет дооруна биздерге жеткирген манасчы Саякбай Каралаевге таң калбаска да, ага чын жүрөктөн алкыш айтып, аны чың көңүлдөн термеле сүйлөп сүйлөбөскө да мүмкүн эмес”, деген.

Академик Б. М. Юнусалиев жалпы эле Манас эпосуна карата «Жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн бул эпос таалим алуучу романкитептин, таасирдүү сахнанын жана экрандын, өткөндү эске салуучу тарых китебинин милдетин аткарып келген», - деп жазган.

Манас айтып жатып, кээде «Тыңшагыла, эшикке чоролор келди» деп, аттардын дүбүртүнө кулак төшөтүп, жаңы эле топуракка түшкөн тулпардын изин көрсөтүшкөн. Демек, манасчылар таалим-тарбиянын ишендирүү усулуна өзгөчө маани беришкен. С.Каралаевдин «Манас» айтканын уккандар «Маңдайыбызда анын өзү эмес эле, ал айтып жаткан “каармандар тургансыйт” - дешчү. Ушул методду колдонуу аркылуу манасчылар - эзелки бабалар духу менен угарман элдин ортосунда жандуу, сыйкырдуу байланыш түзүп, өтүмүш менен бүгүнкү күндү бир бүтүндүккө бириктиришкен. Ушундан улам эл Манасты өзүнүн жан дүйнөсүнөн ажырагыс жандуу тарых катары туюп келишкен.

Ал күчтүү шаңкылдаган үн менен ырдап, бүркүттүн шаңшыганын да, тулпардын жүгүргөнүн да жаңсап туурай кетет, акын жана жоокердин колу тынымсыз кыймылда болуп, баатырлардын ач кыйкырыгы, кылычтардын шыңгыраганы, тулпарлардын дүбүртү аралаш угулган, душманга каршы чабуулдун, жан аяшпас беттешүүлөрдүн поэтикалык жандуу сүрөт, өзүн дал болуп өткөн угуучулардын алдынан тартып өткөнсүйт. Албетте, булар Кыргыз элинин салттуу таалим-тарбия берүүсүнүн ыкмасы. Ошондуктан эгемендүүлүк жылдары «Манас» эпосунун дөөлөттөрүнүн негизинде улуттук руханий тирөөч катары улуттук идеологияны кайра жандандырууга олуттуу аракеттер жасалууда. Анын негизги багыттары катары төмөнкү «жети осуят» эсептелген: эл журттун бүтүндүгү, улуттар аралык ынтымак, улуттук ар-намыс, алдынкы өнөр-билим, адамды, ата-бабаны урматтоо, табият менен таттуу мамиледе болуу, мамлекетти чыңдоо жана аны

көздүн карегиндей сактоо. Манас эпосунун 1000 жылдыгын майрамдоо иш чараларынын алкагында аны пропагандалоо боюнча бир топ иш чаралар белгиленген. Буга байланыштуу жер – жерлердеги мугалимдердин демилгелүү алдыңкы педагогикалык тажрыйбалары өзгөчө көңүл буруууга арзыйт.

Эпосту талашсыз таалим-тарбия казынасы катары кароо жана андагы рационалдуу руханий осуят-насыяттарды жаш муундарда тарбиялоо боюнча уникалдуу тажрыйбалар тарыхый өнүгүштүн бардык этаптарында жаралып өнүгүп келген, жана өнүгүүдө. 2013 - жылы И. Арабаев атындагы Университетинде “Манас” таануу факультети ачылышы, ал эми баардык кыргыз мектептерде Манас тануу сабагы киргизилиши, “Манас” эпосунун үчилтиги ЮНЕСКОнун материалдык эмес маданий мурастарды коргоо боюнча репрезентативдик тизмесине Кыргызстандын атынан 2013 жылы 5 - декабрында катталып дүйнөнүн маданий мурастарын толуктап, дүйнө жүзүндөгү элди маданий биримдикке чакырууга кыргыз эли өбөлгө түздү. Кыргыз улуту башка кээ бир улуттардай тилин дилин жоготуп кетет деген ойдон алыс экендигибизди тастыктадык.

Азыркы кезде Кыргызстандагы улуттук дөөлөт байлыктарды сактап, кийинки муунга өткөрүү аракетин көргөн «Манасчылар» коому болуп саналууда. “Манасчыны” Кыргыздын нукура табигый касиети тандайт. Улуу “Манасчы” Саякбай Каралаев, Сагынбай Орозбаков аталарыбыз дал ошондой табигый касиетке ээ эле, алардын көзү өтүп кетсе да ордун баскан 6 жаштагы Асылбек Сыйдановдун, 12 жашар Бапа Турганбаев, 11 жаштагы Бактыбек Акиев, 15 жаштагы Узейин Эсенаманов, улуу муундан Кааба Атабеков менен Шаабай Азизовдорду белгилеп кетсек болот.

Учурда “Манас” эпосун элге жайган Талант Бакчиев, Улан Исмаилов, Рыспай Исаков, Кубанычбек Алмабеков, Дөөлөт Сыдыков, Бакыт Романовдор жана башкалар. “Манас” эпосунун кылымдарды карытаар кадамы менен, кыргыз элинин улут катары тили, дили, укумдан тукумга улана берет.

**Адабияттар:**


1. Абдылдаев Э. Манас эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары. Фрунзе, Илим, 1981.
2. Алимбеков А. Эпос жана эл мугалимин даярдоо. Бишкек, 1997,
3. Ауэзов М. Киргизский героический эпос «Манас».- Китепте: мысли разных лет. – Алма-Ата,1961.
4. Айтымбетов О. Улуу баатыр баяны. («Манас» эпосуна жаңыча көз караш). Ала-Тоо, 1990, №3, 4, 5, 6.
5. Жумалиев К. «Манас» эпосунда аялдар улуу патриот. Кыргызстан аялдары, 1986, №9.
6. Исаков Б. «Манас» эпосун окутуу.- Фрунзе, Мектеп, 1989.
7. Лизунова Е.В. Человек легенда. – Мухтар Ауезов в воспоминаниях современников. Алма-Ата, 1972.
8. Ормонов Т. «Манас» эпосунун мектептеги тарбиялык мааниси.-Китепте: Окутуу жана тарбиялоо процессинин кээ бир маселелери. - Ф., Мектеп, 1969.
9. Сооронов О. «Манас» трилогиясында эпикалык окуялардын сүрөттөлүшү өзгөчөлүктөрү. - Ф., Илим., 1981.
10. Интернет булактарынын маалыматтары. 2013 - 2015 ж.;